# ХАКАТОН

3 2026

## ЖАСАЛМА ИНТЕЛЛЕКТ ЖАНА КИБЕРКООПСУЗДУК: «САНАРИПТИК МЕЙКИНДИКТИ КОРГООНУН ЖАҢЫ ДООРУ» III РЕСПУБЛИКАЛЫК ХАКАТОН

## МААЛЫМАТ КАТ

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин компьютердик технологиялар жана жасалма интеллект институту 2026-жылдын 21-22-май күндөрү студенттер жана 25 жашка чейинки кесипкөй адистер үчүн «Жасалма интеллект жана киберкоопсуздук: санариптик мейкиндикти коргоонун жаңы доору» аттуу III республикалык хакатонго катышууга чакырат.

**Хакатондун негизги максаты** – жасалма интеллект технологияларын колдонуу аркылуу киберкоопсуздукту камсыздоонун инновациялык ыкмаларын иштеп чыгуу. Студенттердин жана жаш адистердин чыгармачылык жана илимий-техникалык потенциалын өнүктүрүү, ошондой эле санариптик коопсуздук чөйрөсүндөгү актуалдуу маселелерди чечүүгө багытталган практикалык чечимдерди сунуштоо жана иштеп чыгуу болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларында жана орто кесиптик билим берүү мекемелеринде маалыматтык технологиялар, инженерия, маалыматтык коопсуздук, колдонмо информатика жана ага байланыштуу багыттар боюнча билим алып жаткан студенттер хакатонго катышууга чакырылат.

Катышууга жекече жана командалык түрдө катышууга болот.

Иш-чаранын алкагында катышуучулар кыска убакыт ичинде командалык форматта иштеп, киберкоопсуздук жана жасалма интеллект багытында заманбап IT-чечимдерди (веб-тиркемелер, мобилдик тиркемелер, алгоритмдер, прототиптер) иштеп чыгышат.

**Хакатондун негизги багыттары:**

- Жасалма интеллект аркылуу киберчабуулдарды аныктоо жана алдын алуу;
- Маалыматтарды коргоо жана купуялуулукту камсыз кылуу;
- Фишинг жана онлайн алдамчылыктарга каршы чечимдер;
- Deepfake жана жалган маалыматтарды аныктоо;
- Биометрикалык жана интеллектуалдык аутентификация системалары.

Катышуучу командалар белгиленген багыттардын алкагында иштелип чыккан долбоорлорун калыстар тобуна сунушташат. Долбоорлор кыргыз жана орус тилдеринде сунушталат. Ар бир командага долбоордун презентациясын өткөрүү үчүн 5 мүнөткө чейин убакыт бөлүнөт. Презентациядан кийин долбоорду талкуулоо жана суроо-жооп сессиясы үчүн кошумча 5 мүнөт каралат.

Жеңүүчүлөр калыстар тобунун баалоосунун негизинде аныкталып, алардын чыгармачылык демилгеси жана эмгеги үчүн баалуу сыйлыктар жана сертификаттар менен сыйланышат.

Аталган иш-чара катышуучуларга өздөрүнүн кесиптик жөндөмдөрүн көрсөтүүгө, инновациялык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө жана практикалык тажрыйбасын өркүндөтүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Хакатонго катышуу билим берүү жана кесиптик өсүү үчүн маанилүү платформа болуп саналат.

**БАЙГЕ ФОНДУ 150 000 сом**

| Мобилдик тиркемелерди иштеп чыгуу | Веб технологиялар |
| --- | --- |
| Биринчи орун 30 000 сом | Биринчи орун 30 000 сом |
| Экинчи орун 20 000 сом | Экинчи орун 20 000 сом |
| Үчүнчү орун 15 000 сом | Үчүнчү орун 15 000 сом |
| Төртүнчү орун 10 000 сом | Төртүнчү орун 10 000 сом |

# ХАКАТОН

2026

3

## ХАКАТОНДУН УЮШТУРУУЧУЛАРЫ

1. Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Компьютердик технологиялар жана жасалма интеллект институту;
2. «ULUT SOFT» компаниясы;
3. Кеймён университети, Корея Республикасы (Түштүк Корея);

Катышуучулар 2026-жылдын 19-майына чейин онлайн арызды толтуруу менен катталышы керек.
https://forms.gle/STGEFqDvBdLfAJ9t7

**Катышуу шарттары:**

Хакатонго студенттер, магистранттар, программисттер жана IT тармагына кызыккан бардык каалоочулар команда түрүндө (1–3 адам) катыша алышат.

Хакатонго жеке жана командалык түрдө катышууга уруксат берилет. Ар бир командадан үчтөн ашык эмес катышуучуга уруксат берилет. Бир окуу жайынан командалардын санына чектөө жок. Хакатонго катышууга физикалык жактан жергиликтүү жана онлайн режиминде мүмкүнчүлүк бар.

Хакатонго катышуу студенттер үчүн акысыз. Транспорт жана тамак-аш чыгымдары катышуучунун же анын демөөрчүсүнүн милдети. Чемпионатка катышуучу деп хакатонго катышуу үчүн туура толтурулган арызды берген жак эсептелинет. Чемпионатка катышуучу ар бир катышуучунун максаты - Хакатондун эки багытынын бирине ылайык долбоорду иштеп чыгуу. Иштелип чыккан долбоордун чечими жаңылыктуулук, оригиналдуулук жана төмөндө келтирилген критерийлердин талаптарына жооп бериши керек.

**Баалоо критерийлери:**

Калыс мүчөлөрү долбоордун чечимдерин төмөнкү критерийлердин негизинде, 10 баллдык шкала боюнча баалашат:

1) долбоордун идеясынын хакатондун белгиленген багытынын бирине шайкештиги;
2) долбоордун чечиминин оригиналдуулугу жана инновациялуулугу;
3) техникалык чечимдин техникалык жактан татаалдыгы;
4) сунушталган долбоордун чечиминин экономикалык натыйжалуулугу;
5) презентация материалдарынын жана презентациянын сапаты;
6) долбоордун чечиминин потенциалы, кыскача мазмуну.

Уюштуруу комитети хакатондун жыйынтыктарын чыгарып, аларды протоколго киргизет.

1. Хакатондун катышуучуларына сертификаттар берилет.
2. Жеңүүчүлөргө баалуу сыйлыктар ыйгарылат

Суроолоруңуз же сунуштарыңыз болсо, төмөндөгү байланыш маалыматын колдонуңуз.

Байланыш маалыматы. Дареги: Бишкек шаары, Фрунзе көчөсү 547, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети, №1 башкы имарат, 2-кабат, чоң жыйындар залы.
www.ictai.mlg.expert, www.knu.kg, e-mail: IKTAI@knu.kg.
Байланыш тел.: +996 555 657 921, +(996) 707 374 005